Жобо ИТЭИнин Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган. Протокол № 23/11, 29.06. 2023-жыл.

«БЕКИТЕМ»
ИТЭИнин ректору,
х.и.к., доценттин м.а.
Т.Р.Барпыбаев
29.06.2023-ж.

## Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун (ИТЭИ) Административлык кеңеш тууралуу ЖОБО

### I. Жалпы жоболор

(Жобо КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын жана укук-ченемдик актыларынын, ИТЭИнин Уставынын негизинде иштелип чыкты)

### I.Жалпы жобо

1.1. Жобо ИТЭИнин Административлык кенешинин укуктук даражасын, анын ишмердүүлүгүн уюштурууну жана функцияларын аныктайт.

1.2. Административлык кеңеш (соңунда – АК) жамааттык кеңеш берүүчү түзүм, курамына 1-проректор, кафедра башчылары жана түзүмдүк бөлүмүнүн башчылары кирет.

1.3. Өзүнүн ишмердүүлүгү боюнча АК ректорго баш ийет.

1.4. Өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө АК КР конститутциясын, КР мыйзамдарын, институттун Уставын, институттун Окумуштуулар кеңешинин, ректордун буйруктарын, Жобону ж.б. институттун ички локалдык-ченемдик иш кагаздарын жетекчиликке алат.

1.5. АК отуруму ректордун чечими менен төмөнкү учурларда топтолот:

- ыкчам жыйын, АК күн тартибинде каралган маселе боюнча тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөдүн башчылары (өкүлдөрү), ошондой эле АК мүчөсү болбогон бирок маселеси боюнча баяндамасы бар адамдар катышат.

### II. Административлык кеңештин укуктары, функциялары жана милдеттери

2.1. *АК өзүнүн ишмердүүлүгүндө төмөнкү маселелерди чечүүнү камсыз кылуусу керек:*

- институттун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлери тарабынан ректордун буйруктарын, буйрутмаларын жана көрсөтмөлөрүн аткаруусуна жетишүү;
- институттун кызыкчылыгын мамлекеттик башкаруу органдарында, мекеме-ишканаларда, коомдук бирикмелерде, массалык-маалымат каражаттарында жана атуулдар арасында өз ара мамилелерди түзүүдө компетенттүү өкүлдөр менен камсыз кылууну;
- институттун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн материалдык-техникалык, укуктук жана уюштуруучулук негиздерин өнүктүрүү;
- институттун ишмердүүлүгүнүн функциалдыкбагыттарынын алкагында иштердин абалын көзөмөлдөөнүн эффективдүү системасын камсыздоо;

2.2. *АК институттун алдындагы маселелерди чечүү үчүн төмөнкү функцияларды аткарат:*

- институттун Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, ректордун буйрутмалар менен буйруктарын кызматкерлер, окутуучулар жана студенттер тарабынан аткарылышын көзөмөлдөйт жана уюштурат;
- институттун Окумуштуулар кеңеши жана ректор тарабынан чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болгон иш-кагаздарын, тактама жана талдоого алына турган материалдарды даярдайт;
- институттун Окумуштуулар кеңешинин күн тартибинде карала турган суроолорду даярдайт.
- институттун илимий-изилдөө, инновациялык, билим берүүнүн сапатын камсыздоо, каржылык жана чарбалык иштериндеги маселелерди карайт жана тиешелүү чечимдерди кабыл алуу боюнча институттун Окумуштуулар кеңешине жана ректорго сунуштарды, өтүнмөлөрдү даярдайт;

- институттун түзүмдүк бөлүмдөрүнөн, кызматкерлерден керектүү маалыматтарды алат, аларды карап, тиешелүү чечимдер аркылуу ишке ашырат;
- эгерде тиешелүү денгээлде жана өз мөөнөтүндө берилген тапшырмалар аткарылбаса, анда ректордун кароосуна өз убагында билдирет;
- башка билим берүү, илимий жана ишкана мекемелер менен кызматташууга келишимдерин талкуулап, чечимдерди кабыл алат;
- институттун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча негизги багыттарды аныктап ишке ашырат;
- институттун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин талдайт жана жыйынтыгын баалайт.

## III. Администрациялык кеңештин курамы

Администрациялык кеңештин (АК) ишмердүүлүгүн институттун ректору уюштурат. АК курамына кирүү белгиленген тартипте тиешелүү кызматка ээ болгондон баштап эсептелет. Ал эми курамдан чыгуу белгиленген тартипте башка кызмат ордуна которулгандан же жумуштан бошотулгандан баштап эсептелет.

*3.1. АК мүчөлөрү өзүлөрүнүн кызматтык нускамаларынын негизинде төмөнкү иштерди аткарат:*

- өзүлөрүнө бекитилген түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн жалпы жетектейт жана анын жыйынтыгы үчүн жекече жоопкерчиликке милдеттенет;
- тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлерине милдеттүү аткарылуучу көрсөтмөлөрдү жана тапшырмаларды берет, алардын аткарылышын көзөмөлдөйт, башка бөлүмдөр менен байланышты камсыздайт;
- ректордун тапшырмасы менен мезгилдүү текшерүүлөрдү жүргүзүшөт.

*3.2. Кеңештин мүчөлөрү милдеттүү:*

- КР конситуциясын, КР мыйзамдарын сактоого, Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, ректордун буйруктары менен буйрутмаларын, Жобонун ж.б. локалдык-ченемдик иш кагаздарын аткарылышын жөнгө салууга;
- кызматтык милдеттеринин чегинде институттун кызматкерлеринин, окутуучуларынын, студенттеринин ж.б. атуулдардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого жана укутарын сактоого, ошондой келишим түзүлгөн мекеме-ишканалардын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоого;
- институттун ички тартибин жана эрежелерин сактоого;
- кызматтык милдеттерди аткаруучулардын квалификациясынын деңгээлин жогорулатууну камсыздоого.

*3.3. Кеңештин мүчөсүнө тыюу салынат:*

- институттун ар бир кызматкери, окутуучу жана студенти мыйзамга каршы келген ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жана институттун ички тартибинин жана эрежелерин купуялуулугун таратууга жана жайылтууга;
- сырттан жана ички юридикалык (физикалык) жактадан кандай гана түрдөгү белек (акча каражаты, кызматтар, көңүл ачуу, транспорттук чыгымдар ж.б. сыяктуу) сый акыларды алууга;
- институттун материалдык-техникалык базасын башка чоочун адамдарга берүүгө же максатсыз пайдаланууга;
- купуялуулукту камтыган маалыматтарды таратууга жана жайылтууга, үчүнчү жактарга берүүгө;
- институттун карамагында саясий партиялардын, коомдук же диний түзүмдөрдүн түзүмдөрүн же ошондой түзүмдөрдү түзүүгө көмөктөшүүгө;

Институттун АК ар бир мүчөсү жалпы массалык маалымат каражаттарында институттун кызыкчылыгына туура келбеген ишмердүүлүк тууралуу маалыматтарды жарыялоого;

*3.4. Кеңештин мүчөсү укутуу:*

- институттун ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө;
- персоналдык маалымат базаны коргоого;

- институттун локалдык-ченемдик иш-кагаздарынын негизинде белгиленген тартипте квалифмкациясын жогорулатууга жана стажировкага баруга;

## IV. Административдык кеңештин отуруму

4.1. АК отуруму жамааттык кеңеш берүүчү формада болгондуктан төмөнкү максаттарда өтүлөт:

-институттун Окумуштуулар кеңешинин компетенциясына тиешелүү эмес күндөлүк маселелерди топтун талкулоого жана ыкчам тиешелүү чечимдерди иштен чыгуу максатында, ректордун тиешелүү буйрутмуларын бөлүштүрүү боюнча талкууларды жүргүзүүдө;

-институттун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ортосундагы бирдиктүү өз ара байланышты камсыздоодо;

- АК отуруму ар бир жуманын шейшемби күнү 15:00 өтүлөт;
- АК отурумдун талкуусуна тиешелүү иш кагаздар түзүмдүк бөлүмдөрдүн башчыларынын күн мурунтадан даярдаган маалыматтар кирет жана аны кеңештин катчысы даярдайт;
- АК күн тартибиндеги маселелер кеңештин катчысы тарабынан кеңештин мүчөлөрүнө таратылат. Каралуучу маселер ректор тарабынан аныкталат.

4.2. Жобого өзгөртүүлөр, кошумчалар жана толуктоолор АК чечими менен кабыл алынып, ректор тарабынан бекитилет.